// ТАСМА АЙДЫҢЫН КӨЗДӨЙ

# ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН БАШАТЫ БОЛСО, АНЫН ЧАБЫТЫ КЕҢ БОЛОТ



**Кыргыз киносу бүгүнкү күндө кадыресе бир калыпка түшүп, дүйнөгө таанылып, чыгармачылык чабыты көкөлөп, бир катар чыгармачыл кесипкөй жаштардын келиши менен ишенимдүү уланып келет. Биздин бул жагдайда ийгиликтерибиз арбын, ошол эле кезде өксүк жактарыбыз да бар. Айталы, өткөн кылымдын 60-70-жылдар аралыгында кыргыз киносу кыска убакыт ичинде профессионал канаттуу искусство катары өзүнүн жүзүн көрсөтө алды. Демек, нарктуу, ишенимдүү башаттан башат алды, көрүүчүлөрдүн бүйүрүн кызыткан, алардын татыктуу баасына арзыган кинолор жаралды. Анткени, бул жылдар аралыгында алыскы Россиянын борборлорунан келишкен орус кинорежиссёрлору жана ошол эле жактан атайын кино адистиги боюнча окуп, билим алган, турмушту жакындан билген, кино тармагында аздыр-көптүр ар кайсы жактарында иштеп, тажрыйба топтогон, кесипкөй, билимдүү, таланттуу улуттук жаштардын келиши болсо, ошол эле кезде Чыңгыз Айтматовдун адабият майданынын соресинде турушу, анын чыгармаларынын киного тартылышы, кино тармагын кадыресе жогорку баскычка көтөрүп койду.**



Андай ийгиликти жараткандардын чыгармачыл тобу болгон орус киночулары жана кыргыздын мыкты кинорежиссёрлору, кинооператорлору, композиторлору, сүрөтчүлөрү, актёрлору да келди, алардын ысымдары жалпы кыргыз журтчулугуна гана белгилүү болбостон, дүйнөгө тааныла башташты. Мына ушул жылдарда кыргыз киносунун мыкты классикалык үлгүсүнө айланган бир нече толук метраждуу көркөм фильмдер кыргыз киносунун зоболосун арттырды. Алсак: «Аптап» (1962), режиссёр Лариса Шепитько, «Тайгак кечүү» (1964), режиссёр Мелис Убукеев, «Биринчи мугалим» (1965), режиссёр Андрей Кончаловский, «Бакайдын жайыты» (1966), режиссёр Төлөмүш Океев, «Саманчынын жолу» (1967), режиссёр Геннадий Базаров, «Караш-караш окуясы» (1968), режиссёр Болотбек Шамшиев, «Буктурма» (1969), режиссёр Геннадий Базаров, «Ак кеме» (1975), режиссёр Болотбек Шамшиев, «Кызыл алма» (1975), режиссёр Төлөмүш Океев, «Аялсыз эркектер» (1981), режиссёр Альгимантас Видугирис.

«Атын атаса, куту сүйүнөт» дейт эмеспи, кинорежиссёрлор: Мелис Убукеев, Төлөмүш Океев, Болот Шамшиев, Альгимантас Видугирис өңдүү кинорежиссёрлордун улуттук кино өнөрүнө кошкон салымдары өзгөчө. Анткени, алар өздөрү билген, баштарынан кечирген, жүрөгүндө багып жүргөн темаларын астейдил, кесипкөйлүк менен кино экранга алып чыгышты. Чыкканда да орто же ортодон жогору деңгээлде эмес, дүйнөлүк баскычка чыгарышты. Булардын ичинен эң бөлүп көрсөтө турган кинонишмер, нукура сүрөткер, кыргыз киносунун куттуу, үлгүлүү башатында турган кыргыз кино өнөрүн негиздөөчүлөрдүн бири, кинорежиссёр Мелис Убукеев болгон. Ооба, Мелис Убукеев Кыргыз улуттук университетинин тарых факультетин аяктаган, андан соң Москвадагы Бүткүл Союздук мамлекеттик кинематографиялык жогорку окуу жайынын режиссёрлук бөлүмүн аяктаган. Анын үстүнө көп окуган, талбай изденген, ошол эле кезде мүнөзү да бир аз катуураак болгондуктан, ал алгач эле кинодогу жолун кыргыз элинин каар заман учурундагы оор тагдырын чагылдырууга бел байлап, батынган. Анткени, ал кезде андай улуттук тагдырга тиешелүү болгон, бир улуттун трагедиялык абалын киного тартууга биринчиден, уруксат да болбогон. Бирок, Мелис Убукеев тартууга мүмкүнчүлүк алган. Ал андай мүмкүнчүлүктү ийгиликтүү ишке ашыруу менен бирге өткүр батылдык кылган. Мына ошол Мелис Убукеевдин «Тайгак кечүүсүнө» кыргыздын мыкты, таланттуу актёрлору болгон: Муратбек Рыскулов, Бакен Кыдыкеева,Советбек Жумадылов, Болот Бейшеналиев сыяктуу мыкты делген орус жана кыргыз актёрлору тартылган. Бул фильмге жана ага түшкөн актёрлорго токтолуп, аз да болсо басым жасап турушубуздун себеби бар. Анткени, ушул «Тайгак кечүү» өзүнөн кийинки тартылган фильмдерге кандайдыр бир деңгээлде алган багыты, стили, көтөргөн проблемасы, фильмдин режиссурасы, андагы фильмге тартылган актёрлордун салты менен үлгү болуп тургансыйт. Мелис Убукеевдин фильмине тартылган актёрлордун тобу, кийинки режиссёрлордун картиналарынан да көрүнөт. Кийинки жаралган кыргыз фильмдери ага таасирленип, андан өнүп чыккансыйт. Анда эмесе андан кийин тартылган фильмдерге назар таштап көрөлү: «Биринчи мугалим» (1965), режиссёр Андрей Кончаловский, «Бакайдын жайыты» (1966), режиссёр Төлөмүш Океев, «Саманчынын жолу» (1967), режиссёр Геннадий Базаров, «Караш-караш окуясы» (1968), режиссёр Болотбек Шамшиев, «Буктурма» (1969), режиссёр Геннадий Базаров. Көрдүңүздөрбү, Мелис Убукеевден кийинки кино тарткан кыргыз кинорежиссёрлорунун фильмдеринде эч бир майда, күнүмдүк мезгил кызыкчылыгынан чыгып, жеңил-желпи тандалган темалары учурабайт. Анын үстүнө ал колуна калем алып киносценарийлерди өзү да жаза билген, жазганда да кесипкөй адис катары жазган. Бул бир жагы болсо, экинчи жагын карап көрөлү, учурунда «Тайгак кечүүгө» түшкөн актёрлор «Биринчи мугалим» (1965), режиссёр Андрей Кончаловскийдин, «Бакайдын жайыты» (1966), режиссёр Төлөмүш Океевдин, «Саманчынын жолу» (1967), режиссёр Геннадий Базаровдун, (1968), режиссёр Болотбек Шамшиевдин фильмдериндетартылган. Айрым көрүнүштөрүндө Мелис Убукеевдин стили да сезилет, мисалы «Тайгак кечүүдөгү» дарыяга атчан кыздын аккан учуру («Караш-караш окуясындагы» башкы каармандын аты менен дарыяга акканы, сокур эне - Бакен Кыдыкееванын «Саманчынын жолундагы» Толгонай (Бакен Кыдыкеева кийими менен) сыяктуу айрым көрүнүштөр. Арийне, бул тышкы окшоштуктар да болушу мүмкүн. Бирок, кийинки режиссёрлордун тарткан фильмдеринде Мелис Убукеевден таасирленгени байкалып турат. Бизди ушундай ойго түртөт. Мындай көрүнүштөрдүн болуусун кандайдыр бир тескери жагдайга жоруп, жаман нерсе катары кабыл албаш керек. Бул чыгармачылыктагы табигый болуп туруучу салттуу көрүнүш. Анын үстүнө бирге жүрүп, бирге иштеп, бирге сүйлөшүп жүргөн адамдарда бул боло жүрчү жагдай. Өнөр бирине-бири оошот. Башка маселе, ал таасирленген нерсени андан ары чыгармачылык менен өз жолу менен өнүктүрүп, андан ашыра көркөм дүйнө жаратуу анын талант кудуретине жараша болот.

Айтмакчы, Мелис Убукеевдин «Тайгак кечүүдөгү» фильмин тартуу учурунда Төлөмүш Океев – үн оператор, Болотбек Шамшиев – микрофончу жана Геннадий Базаров – сүрөтчү катары фильмди тартуу иштеринин ички жараянында болуп, катышкан. Бул чыгармачыл адамдардын ортосунда бири-бирине таасирленүү боло жүрчү кадыресе көрүнүш. Буга капалануга же теригүүгө же текеберленүүгө болбойт. Ошол эле кезде «Манас» эпосуна жана манасчылардын өнөрүнө кызыгуу да биздеги даректүү фильмдердеги көрүнүштөр ушул улуу кинорежиссёр Мелис Убукеевден тараганбы деген да кыял келет. Эмне үчүн дегенде, кыргыз киносунда манасчы Саякбай Каралаевдин улуулугун баалап, аны туюп, өз учурунда кинотасмага түшүргөндүгү, өмүрүнүн аягына чейин «Манас» эпосун изилдеп, «Айкөл Манас» аттуу көркөм-публицистикалык фильмди жаратышы, ошол эле кезде учурунда Аалы Токомбаевдин «Күүнүн сыры» деген классикага айланган прозалык чыгармасына кайрылып, аны тартууга аракеттенгендиги нукура художник-киночунун кыргыз киносундагы калтырып кеткен үлгүлүү, бараандуу улуулугун айгинелеп турат. Буга «Ак мөөрдү» да кошуп кетсек болот. Андай ийгиликтердин сыры, ал кайрылган руханий башаты - улуттук руханий дүйнөбүздү чагылдырып турган кыргыздын нукура фольклору, көркөм адабий чыгармалары болгон. Ошонун натыйжасында анын чыгармачылык чабыты кең болуп, өз көрүүчүлөрүн тапкан. Ырас, Мелис Убукеевдин катарында башка дагы кыргыз киносунун баскан жолунда бир катар таланттуу кинорежиссёрлордун тобу чыкты, алардын ысымдарын жогору жакта атап өттүк. Бул жерде маселе алар тууралуу эмес, улуу муундагы киночулардын эмгегин биздин көрүүчүлөр жакшы билишет, ошол эле кезде жакшы баалашат. Бул жакшы жышаана. Биздин айтайын деген, сиздер менен бөлүшө турган оюбуздун учу башкада. Ал ошол Мелис Убукеевдер баштап берген уюткулуу, нарктуу жолду кийинкилер кандай улантып жатышат? Жаштардын улантканга кудуреттери жетеби? Бүгүнкү күндөгү киночулар кандай? Алар кайсы салтты улантуулары керек? – деген нерселер.

Арийне, улуу муундагы кинорежиссёрлордун жолун улагандары бар. Аларда билим да, талант да, турмуштук, кесиптик тажрыйба да жетиштүү. Бирок, канткен менен бир көңүлгө тыкыр ала турган жагдай бардай туюлат. Негизинен кыргыз киносу 80-жылдардын орто ченине чейин байсалдуу өнүгүп келди. Анан кыргыз киносу «тоңдурулду». СССР кулап, ар бир өлкө эркиндикке чыгып, өз алдынча болуп кетти.

(Уландысы 16-бетте)





// ТАСМА АЙДЫҢЫН КӨЗДӨЙ

# ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН БАШАТЫ БОЛСО, АНЫН ЧАБЫТЫ КЕҢ БОЛОТ

(Башы 13-бетте)

Ошол учурларда биздин улуттук кинобуздун материалдык базасы начарлап, өкмөт тарабынан колдоо таппай калган калпыс учур келди. 90-жылдарда саналуу гана фильмдер тартылды. 91-жыл келди, Кыргызстан өз эгемендигин алды, аны менен кошо өлкөдө далай жылдар чыгармачыл инсандардын туягына мык кагып, көп учурларда тизгиндеп келген цензура жоюлду. Бирок, кандай катаал, чукак заман болсо да, кино тартуу жараяны токтободу, жаңы замандын күрөө тамырын сезип, жаңы жол тапкан 60-жылдар аралыгында туулуп, эр жеткен киночулардын жаш мууну элдир-селдир болуп калган 90-жылдардагы кыргыз киносуна жаңы түс, жаңы кан берип, кыргыз киносун алдыга жылдыра башташты. Мына, ошол жылдарда «Бешкемпир»; «Учкан куштардын ыйы»» - «Плач перелетной птицы», «Учуу» - «Взлет», «Жибек жол менин бир боорум» - «Брат мой шелковый путь» сыяктуу бирин-экин өз демилгелери менен ар жактан каражат издеп таап тасма тартышып кыргыз киносунун токтоп калуусунан сактап калышты. Мындай пикирди айрым кино тууралуу ой жүгүрткөндөр да айтып жүрүшөт. Бул пикирге кошулбай коюуга болбойт. Чындыгында ошондой көрүнүш болгон.

Ал эми 2004-жылы үч толук метраждуу көркөм фильм тартылды. (Совет заманында деле «Кыргызфильм» студиясында жылына үч фильм тартып туруучу. «Булут», «Саратан», «Маңкурт жөнүндөгү энenин ыйы»). Ошентип, кыргыз киносу кайрадан жандана баштады. Жогоруда аты аталган көркөм фильмдер эларалык кинофестивалдарга катышып, байгелүү орундарга ээ болушту. Жаңы ысымдар пайда болду. Актан Арым-Кубат («Аялдама», «Бешкемпир», «Маймыл», «Свет аке»), Эрнест Абдыжапаров («Айыл өкмөтү», «Боз салкын», «Уурунун махабаты», «Маичилер», «Ысык-Көл бешбармагы», «Күкүк Шахра», «Такси жана телефон», «До+фа», «5 миң сом»), Садык Шер-Нияз («Биринчи кадр»), Марат Сары уулу, («Учуу», «Жибек жолу - менин тууганым»), Темир Бирназаров («Носорог, ыйлаба», «Парз», «Белгисиз маршрут», «Баарын башынан баштайлы!», «Кумар»). Мына ушул кинорежиссёрлор азыркы кыргыз киносунун жаратуучулары жана улантуучу- устаттары болуп калышты. Бүгүнкү күндө бул режиссёрлор биздин кыргыз киносунун өнүгүшүнө зор салым кошуп, (алар бир нече, ар кандай тематикада даректүү жана кыска метраждуу көркөм фильмдерди тартып беришкен) чыгармачылыгын токтотпой биринен сала бири ар кандай каражат булактарынын көмөгү менен мыкты фильмдерди тартышууда. Бул жерде белгилеп коюучу жагдай - бул муундагы режиссёрлордагы кыргыз киносунун мурдагы салтын улантып беришти. Алар жөн эле тартып койбостон, чыгармачылык изденүү менен эмгектенишүүдө. Айрым учурларда коңшу өлкөлөрдүн чакыруусу менен да Казакстан сыяктуу бир тууган өлкөлөргө барып, айрым фильмдерге сценарий жазып, режиссёрлор менен кинооператорлор (Х.Кадыралиев, М.Алиев жана башка) да байма-бай каттап кино тартышууда. Анткени, бизде мурдагыдай эле кинодо акча жок, болсо да жетишпейт. Ырас, өлкө бийлиги киного каражат бөлүп жатат, бирок, ал азыркы шартта аз. Мисалы, учурда тартылып бүткөн, көрүүчүлөргө тартууланган, дүйнөлүк көрүүчүлөрдүн купулуна толгон «Курманжан Датка» көркөм тарыхый фильмине болгону 70 миллион сом бөлүнгөн. Буга да шүгүр. Бирок, бул каражат мындай тарыхый-көркөм чоң фильмди тартууга араң өп-чап жетти. Буга да кайыл болуп, сабырдуулук көрсөткөн Садык-Шер-Нияз фильмди чымыркана тартып бүтүп эл сынына тартуулады. Ал көркөм тарыхый фильм кыргыз киносунун «эң мыкты» делген кинокартиналарынын катарына кошулду. Садык-Шер ушул эле фильми менен кино тарыхында чоң режиссёр катары кала бермекчи.


Мынакей, бул муундагы режиссёрлордун артынан дагы жаш кинорежиссёрлор келишти. Ушул режиссёрлордун жолун жолдогон, алардын өнөрүн үйрөнгөн, таалимин алган шакирттер келишти. Өзгөчө Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коммуникация факультетинин радио, телевидение жана киноискусство бөлүмүн бүтүрүшкөн бир топ киночулар пайда болду. Алардын башында устат катары орто муундагы белгилүү кинорежиссёр, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Артыкпай Сүйүндүков турду. Анын көркөм жетекчилиги астында бүгүнкү күндө жаштар тарабынан жүздөн ашуун кыска метраждуу көркөм жана даректүү фильмдер тартылды. Алардын арасынан мыкты, таланттуу киночулардын тобу пайда болду. Алар: Стамбулбек Мамбеталиев («Булуттар арасында»), Акжол Бекболотов («Камсанаба»), Наргиза Маматкулова, («Жашагым келет», «Топташ», «Сөйкө», «Жымжырт», «Зефир»), Алижан Насиров, (Кыштоо», «Суу», «Ата», «Карадалы»), Ульяна Коновалова «Саламатсыңбы, күнүм!»), Адилет Каржоев («Сары-Ой»). Айрымдарынын тарткан фильмдери ар кандай эл аралык кинофестивалдарга катышып, баш байгеге ээ болгондору да болду. Кыргыз киносунун тарыхында Алижан Насировдун «Кыштоо» деген даректүү фильми 20дан ашуун ар кайсы өлкөлөрдөн алдыңкы сыйлыктарды жеңип келди. Жаштар азыркы учурда жаңыча изденишүүдө. Алардын стилдери да ар кыл. Бири-бирине окшобойт. Кинонун ар кандай бай тилин, көркөм чагылдыруу каражаттарын тартынбай чыгармачыл менен батыл пайдаланышууда. Бул жакшы көрүнүш.

Соңку жылдарда кыргыз киносу эки багытта өнүгүүдө десек болот, биринчиси, буга чейинки салт боюнча «Кыргызфильмден» тартылган атайын кино боюнча билими бар, адис киночулар, экинчи багыты, айрымдар өз каражаттары менен тарткан өз алдынча, ар кандай кесиптен келишкен киночулар. Мындай өнүгүүгө коомчулукта ар кандай кайчы пикирлер бар, айрымдары: «профессионал гана кино боюнча адистиги барлар тартсын» дешсе, айрымдары: «жок, колунан келсе тарта алгандар тарта берсин» деген пикирлер бар. Мындай пикирлердин болгону жакшы. Мындай фильмдердин тартылганы ийги. Кантсе да аракеттер болот, ортодо атаандаштык жаралат. Мына ошол атаандаштыктын негизинде кино өнүгөт. Бара-бара эленет, телчигет, мыктылар калат. Буга кино сүйүүчүлөргө жаккан «Салам, Нью-Йорк» фильмин тарткан Руслан Акунду (2013) мисалга айта кетсек болот.

Кантсе да «кыргыз киносу өнүкпөй калды» деген кесир сөздөрдү айтып жүргөндөр үчүн мындай көрүнүштөр, алардын жаңылганын айгинелейт. Эл болгондон кийин таланттар төрөлөт, жетилет, кыргыз киносун андан ары өнүктүрөт. Ага салтыбыз да, негиз да бар.Буга ишенимдүү карасак болот. Ооба, ал үчүн кийинки жаштар теманы башка жактан издебей, өзүбүздүн кыртышыбыздан издесек, өзүбүздүн руханий баалуулуктарыбызды өзүбүзгө сиңирип, аны ар тараптан байытып, өнүктүрсөк биздин зоболобуз зор болот. Биздин кыргыз киносунун башатында турган Мелис Убукеев, Төлөмүш Океев, Болотбек Шамшиев баштап берген салтты улап, өзүбүздү дагы мыктылап ача билсек башатыбыздан азыктансак, өзүбүздүн рухий дөөлөттөрүбүздү орток көркөм дөөлөттөргө айландырып, дүйнө элине тартуулай алаарыбызга, биздин чабытыбыздын кең болооруна ишенимдүү карасак болот.

Кыргыз киносунун жолу узун.

**Абды Алай Сатаров**




∵∵∵

## КА-АЧ! АЮУ КЕЛАТАТ!!!

Эки мергенчи талаа-ташта келатып, аюунун жаңыле түшкөн издерине туш болушат.

Улуусу:

—Сен барып, издер кайда кеткенин байкап келчи.

Кичүүсү:

—А сенчи?

—Мен ал издер кайдан келгенин карап келе коеюн...

## ЭЛДИН САНЫ 7,5 МИЛЛИОНГО ЖЕТЕТ

Божомолдорго ылайык, 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калкынын саны 7,5 миллионго жетет. Бул тууралуу эмгек, миграция жана жаштар министринин орун басары Алмазбек Асанбаев маалымдады. Учурда калктын саны 5,8 миллион. 2030-жылы демографиялык өсүштүн эң бийик чеги катталат, бирок андан ары калктын саны азаюуга бет алышы мүмкүн.

